«КШБ» ЖАК Башкармалыгынын
чечими менен БЕКИТИЛДИ
2022-жылдын 02 июнунда № 52 протокол

**«Кыргыз-Швейцария Банкы» жабык акционердик коомунун Банктык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө жөнүндө келишимге офертасы**

## 1. Жалпы шарттар

1.1. Бул документ «Кыргыз-Швейцария банкы» жабык акционердик коомунун (мындан ары - Банк) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесине ылайык төмөндө берилген шарттарда www.ksbc.kg Банктын расмий сайтында жарыяланган, банктын төлөм карттарды чыгаруу жана тейлөө жөнүндө келишимди түзүүгө кызыкдар жеке жана юридикалык жактарга даректелген, расмий сунушу (жарыя офертасы) болуп саналат.

1.2. «Кыргыз-Швейцария банкы» ЖАКнын банктык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө жөнүндө келишим (мындан ары текст боюнча - Келишим) өзгөчө тартипте: тараптардын кол коюусу жок ушул офертага акцепт аркылуу түзөлөт. Ушул оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык юридикалык күчкө ээ болот жана тараптар кол койгон Келишимге күчү бирдей болуп саналат. Келишимдин тексти дагы ушул офертада берилген.

1.3. Ушул оферта түзүлгөн Келишимдин бардык олуттуу шарттарын камтыйт. Ушул офертага акцепт деп, төмөндө берилген шарттарды толук жана шартсыз кабыл алуу сыяктуу, Негизги картты чыгарууга арызда тиешелүү пунктта Карт кармоочу тарабынан кол коюлган катары эсептелет. Кардар ушул офертанын кайсы бир пункту менен макул болбогон учурда, Банк менен жазуу түрүндө Келишим түзүү сунушталат.

## 2. Түзүлгөн Келишимдин тексти боюнча колдонулган терминдер

2.1. **Банктын АБС** – банк ишин автоматташтырууга багытталган программалык жана техникалык камсыздоо комплекси.

2.2. **Авторизация** – Банктын карт операцияларын жүргүзүүгө уруксаты. Авторизация Үн (телефон байланышын пайдалануу менен) жана Автоматташтырылган (электрондук системаны пайдалануу менен) болуп бөлүнөт.

2.3. **Картты жокко чыгаруу** – картты жараксыз деп таануу жана аны жүгүртүүдөн алып коюу.

2.4. **Банк күнү** – Банк кардарларды тейлөө үчүн ачык болгон жана Кыргыз Республикасындагы дем алыш жана расмий майрам күндөрдөн тышкаркы, күндөргө туура келген күн.

2.5. **Банкомат** – карт боюнча нак акча каражаттарын автоматташтырылган берүү үчүн электрондук жабдуу.

2.6. **Картты бөгөттөө**

2.7. – Төлөм системасы тарабынан белгиленген жолдордун бири менен Банктын же Карт кармоочунун демилгеси боюнча аткарылган, карт операцияларын жүргүзүүгө толук же убактылуу тыюу салуу. Толук тыюу салуу учурунда картты тейлөөгө бергенде аны алып коюу каралат.

2.8. **Кайтарым же дооматтуу төлөм (Chargeback)** – эквайер эсебин дебеттөөдө чагылдырылган (Банк тарабынан Төлөм системасынын эрежелерин бузуу менен жүргүзүлгөн деп каралган транзакциянын суммасына), Банктын транзакция боюнча төлөмдү жүргүзүүдө баш тартуусу. Эквайерге кайтарым төлөм жүргүзүлгөн себепти, негизди камтыган билдирүү жөнөтүлөт.

2.9. **Карт ээси** – ушул Келишимге ылайык Негизги жана/же Кошумча картты пайдаланууга укуктуу Банктын кардары, жеке жак, анын ичинде юридикалык жак/жеке ишкер-эсеп ээси ыйгарым укук берген жеке адам.

2.10. **Кошумча көчүрмө –** Карт ээсинин же Кошумча карт ээсинин суроо-талабы боюнча Банк тарабынан түзүлгөн жана суралган мезгилде ушул карт эсеп боюнча жүргүзүлгөн бардык карт операцияларын чагылдырган карт эсеби боюнча көчүрмө.
2.11. **Кошумча карт** – Негизги карт ээсинин арызынын негизинде негизги картка карата кошумча берилген төлөм карты. Кошумча карт Негизги карт ээсинин же башка жеке адамдардын наамына чыгарылышы мүмкүн. Кошумча карт ээсинин карт эсебинен каражаттарды сарптоо лимити Негизги карт ээси тарабынан белгиленет.
2.12. **Ар айлык көчүрмө** – карт эсеп боюнча ар айлык көчүрмө Карт ээсинин суроо-талабы боюнча Банк тарабынан түзүлөт жана өткөн календардык айдын ичинде карт эсеп боюнча жүргүзүлгөн карт операцияларын чагылдырат. Ар айлык көчүрмөдө карт операцияларынын, төлөмдөрдүн жана эсептен чыгаруулардын кыскача сүрөттөмөсү, анын ичинде Карт ээсинин тапшырмасы боюнча карт эсептеги акча каражаттарынын калдыгы же өткөн календардык айдын башындагы жана аягындагы карыздын өлчөмү чагылдырылат.
2.13. **Карыз** – Келишимге ылайык Карт ээсинин Банктын алдындагы карызы (анын ичинде Техникалык овердрафт суммасы, ошондой эле көрсөтүлгөн суммага кошуп эсептелген сый акы, соттук чыгымдар жана Банкка келтирилген башка зыяндар).
2.14. **Арыз** – Карт эсепти ачууга арыз, Карт алуу, ошондой эле Карт боюнча кошумча сервистерге кошулуу.
2.15. **Карт** – «Visa International» Эл аралык төлөм системасынын төлөм карты же «Элкарт» улуттук системасынын төлөм карты, электрондук терминалдар же карт операцияларын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген маалыматты камтыган башка жабдуу аркылуу карт эсептерин башкарууга жетүү каражаты. Карт анда көрсөтүлгөн айдын жана жылдын аягына чейин жарактуу. Мөөнөтү өткөн карттар жана колдонуу мөөнөтү баштала элек карттар боюнча карт операциялары жүргүзүлбөйт. Карт Негизги же Кошумча болушу мүмкүн, ушул Келишимдин тексти боюнча чогуу “Карт” же тиешелүү түрдө “Негизги карт” жана “Кошумча карт” деп аталат. Карт анын Ээсине карт эсепте жеткиликтүү болгон акча каражаттарынын суммасынын чегинде төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет.
2.16. **Карт операциясы** – картты пайдалануу менен жүргүзүлгөн төлөмдөр, которуулар, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөр, нак акча каражаттарын алуу жана башка операциялар.
2.17. **Карт эсеби** – карт операцияларын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка операцияларды жүргүзүү үчүн Банк тарабынан Карт кармоочунун наамына ачылган банк эсеби. Карт эсеби кыргыз сому, АКШ доллары же Евро менен ачылат.
2.18. **Код сөз** – Карт ээси тарабынан тандалган жана Карт алууга арызда же Карт ээси Банкка берген башка жазуу жүзүндөгү документтерде көрсөтүлгөн, Банк тарабынан Карт ээсин телефон жана башка каналдар аркылуу идентификациялоо үчүн пайдаланылган тамга, сан же тамга-сан айкалышы.
2.19. **Санкцияланбаган төлөм** – санкцияланбаган төлөмдүн талаптарын бузуу менен жүргүзүлүүчү төлөм. Жасалма карттарды пайдалануу менен жүргүзүлгөн төлөмдөр дагы санкцияланбаган болуп саналат.
2.20. **Негизги карт –** ушул Келишимдин шарттарына ылайык Карт ээсине берилген төлөм карты.
2.21. **ПИН-код** – Персоналдык Идентификациялык Номер, Негизги жана/же Кошумча карт ээсине ыйгарылган, карт операцияларын жүргүзүүдө аны/аларды идентификациялоо үчүн арналган 4 орундуу сан түрүндөгү, жашыруун код.
2.22. **Төлөм системасы –** ушул системанын ички эрежелерине ылайык төлөм картын пайдалануу менен төлөмдөрдү жүргүзүүнү камсыздаган, программалык-техникалык каражаттардын, документтердин жана уюштуруу-техникалык иш-чаралардын жыйындысы. Иштөө эрежелерин белгилейт жана төлөм системасынын катышуучуларынын ортосунда карт операциялары боюнча клиринг эсептешүүлөрүн жүргүзөт.
2.23. **Эрежелер** – №1 Тиркемеде көрсөтүлгөн жана ушул келишимдин ажыратылгыс бөлүгү болуп саналган, Негизги жана/же Кошумча карт ээси үчүн белгиленген картты пайдалануу эрежелери.

2.24. **Процессинг борбору** – карт операцияларын жүргүзүүдө түзүлгөн маалыматты чогултууну, ылгоону, иштеп чыгууну жана берүүнү жүргүзүүчү, юридикалык жак же Банктын – төлөм системасынын катышуучусунун түзүмдүк бөлүмү.
2.25. **Операциялар реестри** – Процессин борборунан электрондук түрдө Банк тарабынан алынган жана белгилүү бир мезгилдеги карт операциялары жөнүндө маалыматты камтыган документ.
2.26. **Санкцияланган төлөм** – эгерде төлөмдү жүргүзүү убагында карт бөгөттөлбөсө, анын колдонуу мөөнөтү аяктабаса жана карт анын анык Ээси тарабынан төлөмдөрдү жүргүзүү үчү колдонулса, картты пайдалануу менен жүргүзүлгөн төлөм.
2.27. **Карттын колдонуу мөөнөтү** – «аа/жж» форматында Карттын алдыңкы тарабында көрсөтүлгөн, Карттын колдонуу мөөнөтү аяктай турган ай жана жыл. Карттын колдонуу мөөнөтүнүн акыркы күнү картта көрсөтүлгөн айдын акыркы күнү болуп саналат. Карттын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин карт операциялары жеткиликтүү болбой калат.
2.28. **Стоп-баракча** – тейлөөгө кабыл алынбай турган карт номерлеринин тизмеси. Стоп-баракчага жоголгон же уурдалган карттар киргизилет, бул аларды санкцияланбаган же жаман ой менен колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.
2.29. **Тарифтер** – Банк тарабынан белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги жана кызмат көрсөтүү үчүн алынуучу сый акынын өлчөмү.
2.30. **Техникалык Овердрафт** – карт эсептеги акча каражаттарынын калдыгынан ашыкча сарпталган акча каражаттарынын суммасы**.** Техникалык Овердрафт ушул Келишимде белгиленген мөөнөттөн кеч эмес төлөшү керек. Техникалык Овердрафт Банк тарабынан тарифтерге ылайык сый акыны эсептөөдө түзүлүшү мүмкүн.
2.31. **Авторизациялоо борбору** – Үн авторизациясын жүргүзгөн жана Карт ээсинин атынан же Банктын демилгеси боюнча картты бөгөттөөнү аткарган, Процессин борборунун түзүмдүк бөлүнүшү. Авторизациялоо борборлору күнү-түнү жана дем алыш күнсүз иштейт.
2.32. **Эквайер** – эквайерди жүзөгө ашырууга уруксат алган банк, технологияларга жана тиешелүү төлөм системаларынын ченемдик актыларына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жоболоруна жана эрежелерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык өзүнүн аралыкта орнотулган жабдуусу аркылуу авторизациялоону же транзакцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыздаган аралыкта орнотулган жабдуулар тармагынын ээси.
2.33. **Эквайринг** – өзүнө аралыкта орнотулган жабдууларды орнотуу жана сатылган товарлар, иштер, кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө каражаттары катары картты кабыл алуу, соода түйүндөрү менен эсептешүүлөрдү камсыздоо жана/же карт ээлерине нак акча каражаттарын берүү боюнча соода түйүндөрү менен келишимдик мамилелерди камтыган эквайер иши.
2.34. **Эмитент** – технологияларга жана ченемдик актыларга, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жоболоруна жана эрежелерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык картты чыгарууну жүзөгө ашырган банк.
2.35. **CVV** – кол коюу үчүн тилкенин жанында карттын арткы тарабында көрсөтүлгөн, карттын аныктыгын текшерүүчү үч орундуу код, Интернет аркылуу карт операцияларын жана картты физикалык колдонуусуз кандайдыр бир башка операцияларды жүргүзүү үчүн коргоочу элемент катары колдонулат.

## 2. Жалпы шарттар

2.1. Келишимдин предмети карт эсебин ачуу жана тейлөө менен, ошондой эле төлөм каражаттары катары карттарды чыгаруу жана тейлөө жана нак акча каражаттарын алуу менен байланыштуу Банк менен Карт ээсинин ортосунда түзүлгөн укук мамилелери болуп саналат.
2.2. Банк картты берет, ал эми Карт ээси пайдаланууга кабыл алат, ал Төлөм системасынын логотиби бар бардык жерлерде карт операцияларын жүргүзүү үчүн колдонулат.
2.3. Банктын дана Карт ээсинин ортосундагы мамилелер ушул Келишим, төлөм системасынын эрежелери, Банктын ички ченемдик документтери, анын ичинде Тарифтери менен жөнгө салынат.

## 3. Карттарды жана Карт эсептерин ачуу жана тейлөө

3.1. Карт эсепти ачуу, Картты пайдалануу жана Карт операцияларын жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук

актылары, Төлөм системасынын нускамалары жана эрежелери, Банктын ички ченемдик документтери жана ушул Келишим менен жөнгө салынат.

3.2. Карт эгерде бул Банктын Тарифтеринде каралса, камсыздандыруу депозити же Карт эсептеги каражаттардын азайтылгыс калдыгы менен чыгарылышы мүмкүн. Карт Банктын ыйгарым укуктуу органынын чечими боюнча, же эгерде Картты чыгаруу күнүнө карата колдонулган Тарифтер менен камсыздандыруу депозити/азайтылгыс калдык каралбаса, камсыздандыруу депозити/азайтылгыс калдык жок чыгарылышы мүмкүн. Камсыздандыруу депозити/азайтылгыс калдык катары Картта турган каражаттар кабыл алынат, алар бөгөттөлөт жана Карт колдонулган убакта жеткиликтүү болбойт. Картты жокко чыгарууда камсыздандыруу депозити/азайтылгыс калдык Карт ээсине кайтарылат.

3.3. Карт Банктын мүлкү болуп саналат, ал Келишимдин негизинде Карт ээсине нак акча каражаттарын алуу жана көрсөтүлгөн кызматка жана сатылып алынган товарга төлөө үчүн белгилүү бир мөөнөткө берилет.

3.4. Карт Карт ээсинин наамына чыгарылат жана Карт ээсинин гана пайдалануучу үчүн арналган. Картты үчүнчү жактын пайдалануусуна берүүгө тыюу салынат.

3.5. Карт анын арткы тарабындагы Карт ээсинин кол тамгасы менен гана жарактуу деп таанылат.

3.6. Карт төмөндөгү карт операцияларын жүргүзүү үчүн арналган:

- Картка нак жана нак эмес тартипте Карт эсебинин валютасында акча каражаттарын чегерүү;
- Карт операцияларын төлөөгө акча каражаттарын Карт эсептен чыгаруу;
- ушул Келишим боюнча Банкка сый акы төлөөгө акча каражаттарын Карт эсептен чыгаруу;
- ушул Келишимден келип чыккан, Банктын алдындагы Негизги жана/же Кошумча карт ээсинин карызын төлөө эсебине акча каражаттарын Карт эсептен чыгаруу.

3.7. Операциялар реестри жана Банк тарабынан Процессинг борборунан жана/же Төлөм системасынан алынган башка документтер карт операцияларын жана карт операцияларын жүргүзүүгө байланыштуу Банк тарткан анын чыгашаларын тастыктаган расмий документтер болуп саналат.

3.8. Карт боюнча операцияларды жүргүзүү фактысын тастыктаган документтер же Банктын чыгашалары Банктын АБСнан басылып чыгарылган, кызматкерди кол тамгасы жана бөлүмдү штампы менен күбөлөндүрүлгөн документтер болуп саналат.

3.9. Негизги жана/же Кошумча карт ээсине карт операциялары боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Банктын сый акысы кызмат көрсөтүү датасына карата белгиленген тарифтер боюнча алынат.

3.10. ПИН-код операция жүргүзүүдө Карт ээсинин жеке кол тамгасына теңдештирилет жана купуя маалымат болуп саналат. ПИН-кодду колдонуу менен операциялар Ээси тарабынан жасалды деп таанылат жана талашууга жатпайт.

3.11. Карт боюнча операцияларды жүргүзүүдө Ээси эсептешүү чегин алышы керек, анда милдеттүү тартипте жүргүзүлгөн операциянын суммасы жана валютасы болот.

## 4. Карт ээсинин укуктары жана милдеттери

**4.1. Карт ээси укуктуу:**

4.1.1. Карт эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде Карт операцияларын жүргүзүүгө.

4.1.2. Карт эсепке акча каражаттарын нак же нак эмес формада Карт эсебинин валютасында чегерүүгө.

4.1.3. Картты бөгөттөө/бөгөттөн чыгаруу жөнүндө арыз менен Банкка кайрылууга.

4.1.4. Карт боюнча жеке өзү же Карт ээси берген Ишеним каттын негизинде аракеттенген ыйгарым укуктуу адам аркылуу, же электрондук почта, мобилдик банкинг аркылуу Банк аныктаган шарттарда ар айлык көчүрмөнү алуу.

4.1.5. Банкка тиешелүү документтерди берүү менен, карт боюнча Кошумча карттарды тариздөө жана/же жокко чыгаруу.

4.1.6. Белгиленген чектөөлөрдү жана лимиттерди өзгөртүүгө чейин 3 (үч) банк күнүнөн кем эмес, Банкка берилген арыз боюнча Негизги/Кошумча карттар боюнча белгиленген чектөөлөрдү жана лимиттерди орнотууга/өзгөртүүгө.

4.1.7. Карт операциясын жүргүзүү күнүнөн тартып 45 (кырк беш) календардык күч ичинде талаштуу операция (рекламация) боюнча дооматты Банкка жөнөтүүгө. Болбосо карт боюнча жүргүзүлгөн операция тастыкталды деп эсептелет жана андан кийинки дооматтар Банк тарабынан кабыл алынбайт. Далилденген рекламация учурунда акча каражаттары Банк тарабынан картта калыбына келтирилет. Түшкөн дооматты жөнгө салганга чейин мурда карттан дебеттелген (эсептен чыгарылган) акча каражаттары калыбына келтирилбейт.
4.1.8. Негизги жана/же Кошумча картты жоготуу, уурдатуу жана/же санкцияланбаган пайдалануу, бузуу, ПИН-кодду жоготуу, магниттик тилкенин магнитин кетирүү себебинен улам аны кайра чыгарууга арыз менен кайрылууга.
4.1.9. Картты Банктын банкоматы кармап калган учурда, банкомат кармап калган картты берүү арызы менен Банкка кайрылууга.
4.1.10. Банкка белгилүү бир убакыттын ичинде жана (же) белгилүү бир сумманын чегинде карттан акча каражаттарын алуу үчүн алдын ала жазуу жүзүндө уруксатты (көрсөтмөнү) берүүгө.
4.1.11. Код сөздү өзү каалаган адамга билдирүүгө, аны Банк Карт ээсинин карты(тары) боюнча маалымат алууга укуктуу, анын мыйзамдуу өкүлү деп эсептейт.
4.1.12. Каалаган учурда алар менен Банктын имаратында/операциялык залында, анын бөлүмдөрүндө жана www.ksbc.kg сайтында таанышып, Банктын колдонуудагы Тарифтерине/Эрежелерине байланыштуу маалымат алууга.
4.1.13. Бул тууралуу Банкка ушул Келишимдин аракетин токтотуу болжолдонгон күнгө чейин 45 (кырк беш) календарды күн мурда жазуу жүзүндө кайрылып, ушул Келишимди бузууга.

**4.2. Карт ээси милдеттүү:**

4.2.1. Ушул Келишим түзүлгөн күнү Банкка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик документтеринде каралган, карт эсебин ачуу жана картты чыгаруу үчүн зарыл болгон документтерди берүүгө.
4.2.2. Ушул Келишимдин жана Эрежелердин шарттарын талаптагыдай сактоого.
4.2.3. Тарифтерге ылайык Банкка өз убагында сый акы төлөп берүүгө жана бардык милдеттенмелер боюнча пайда болгон Банктын алдындагы карызды төлөөгө.
4.2.4. Карт операциялары боюнча бардык чыгашаларды (чыгымдарды) толук көлөмдө тартууга.
4.2.5. Карт эсепке карт операцияларына төлөө жана ушул Келишимден келип чыккан Банктын алдындагы карызды төлөө үчүн керектүү акча каражаттарын Банктын алдында карыз пайда болгону жөнүндө Банктан билдирүү алган күндөн тартып 5 (беш) банк күнүнөн кеч эмес чегерүүгө.
4.2.6. Карттан/картка жаңылыш алынган же чегерилген акча каражаттары аныкталганда бул тууралуу токтоосуз Банкка маалымдоого.
4.2.7. Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча карт-эсептен жана башка банктык эсептерден акча каражаттарын акцептсиз алууга тоскоолдук кылбоого.
4.2.8. Жаңылыш чегерилген акча каражаттары картта жок болгон же жетишсиз болгон учурда, Банктан тиешелүү жазуу жүзүндө билдирүүнү алган күндөн тартып 5 (беш) банк күнү ичинде акча каражаттарын Банкка кайтарып берүүгө.
4.2.9. Техникалык овердрафттын пайда болушуна жол бербөөгө, карт эсептин абалын үзгүлтүксүз контролдоого жана иш жүзүндө жүргүзүлгөн бүтүмдөрдүн алынган отчетко шайкештигин текшерүүгө.
4.2.10. Карттын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин, ошондой эле эгерде ал Стоп-баракчага киргизилсе же Бактан картты пайдаланууну токтотуу жөнүндө көрсөтмө алынса, аны пайдаланбоого.
4.2.11. Карт эсебин жана картты мыйзамсыз иш үчүн, анын ичинде кылмыштуу жол менен алынган каражаттарды легалдаштыруу үчүн жана терроризмди каржылоо үчүн пайдаланбоого.
4.2.12. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (изин жашыруу) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Банктын талабы боюнча 3 (үч) банк күнү ичинде Карт ээсинин ишине жана ал жүргүзгөн банк операцияларына тиешелүү маалыматты жана документтерди берүүгө.

4.2.13. Банктын суроо-талабы боюнча суроо-талапты алган күндөн тартып 3 (үч) банк күнүнөн кеч эмес жеке жактын анкетасын жаңыртууга.
4.2.14. Картты жоготуу, уурдатуу, санкцияланбаган пайдалануу, ПИН-кодду ачыкка чыгаруу же карт номерин, карттын колдонуу мөөнөтү жана CVV ачыкка чыгаруу учурунда Банктын Эрежелеринде жана ушул Келишимде каралган тартипте дароо Банкка жазуу жүзүндө картты бөгөттөө өтүнүчү менен кайрылууга.
4.2.15. Ушул Келишимдин алкагында чыгарылган карттын сакталышын камсыздоого, акча каражаттарына, чектерге ж.б. баалуу кагаздарга баасы бирдей картты сактоого, картты үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө жол бербей, мүмкүн болуучу чыгашалардын пайда болушунун алдын алуу жана картты мыйзамсыз пайдаланууга жол бербөө максатында бардык мүмкүн болгон коопсуздук чараларын аткарууга; картты төмөнкү температуралардын, электр магниттик талаалардын жана механикалык бузуунун таасиринен коргоого; Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү учурларынан тышкары, ПИН-кодду жашыруун сактоого, аны үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого, анын ичинде аны карттын жанында сактабоого, ошондой эле карттын колдонуу мөөнөтүн жана CVV үчүнчү жактарга бербөөгө. Картты үчүнчү жактарга өткөрүп берүү картты алып коюу, Банк тарабынан ушул Келишимди бир тараптуу бузуу үчүн негиз жана Карт ээсинен Банкка келтирилген бардык зыяндарды (чыгашаларды) өндүрүп алуу (кармап алуу) үчүн негиз болуп саналат.
4.2.16. Карттын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин 30 календардык күн мурда Банкка жаңы мөөнөткө картты узартуу максатында кайрылууга жана картты кайра чыгарууга арызды толтурууга. Эгерде Карт ээси катты кайра чыгарууга арызды бербесе, анда карт автоматтык түрдө жокко чыгарылат жана кийин Карт ээсинин арызы боюнча жаңы карт чыгарылат.
4.2.17. Тиешелүү өзгөртүүлөр датасына чейин 5 (беш) банк күнүнөн кеч эмес, Карт ээсинин жеке маалыматтарынын өзгөргөндүгү жөнүндө Банкка жазуу жүзүндө билдирүүгө.
4.2.18. Чекте өз кол тамгасы (товарга же кызмат көрсөтүүгө төлөөдө) же ПИН-код менен операцияны ырастоодо, сумма операциянын иш жүзүндөгү суммасы менен дал келе турганын текшерүүгө; зарыл болгон учурда өздүгүн күбөлөндүргөн документти көрсөтүүгө.
4.2.19. Картты жокко чыгарууда ушул Келишим боюнча Банктын алдындагы карызды төлөөгө.
4.2.20. Ушул Келишим бузулган учурда ушул Келишимдин шарттарына ылайык карт-эсеп боюнча чыгарылган картты Банкка 5 (беш) банк күнүнөн кеч эмес берүүгө.
4.2.21. Картты жокко чыгарган күндөн тартып 45 (кырк беш) календардык күндүн ичинде Төлөм системасынан Операциялар реестрине ылайык Карт жокко чыгарылганга чейин жүргүзүлгөн карт операциясынын суммасын төлөө жөнүндө талап келип түшкөн учурда, колдонуудагы Тарифтерге ылайык Банктын комиссияларын эске алуу менен бул карт операциясынын суммасын төлөөгө.

## 5. Банктын укуктары жана милдеттери

**5.1. Банк укуктуу:**

5.1.1. Картты чыгаруудан баш тартууга. Баш тарткан учурда Банк баш тартуунун себебин түшүндүрбөй коюуга укуктуу.
5.1.2. Карт ээси картты чыгарууга арыз берген күндөн тартып 6 айдан ашык мөөнөттө картты алуу үчүн Банкка келбесе, картты жокко чыгарууга жана жылдык тейлөө жана/же картты чыгаруу, кайра чыгаруу үчүн мурда төлөнгөн Банктын комиссиялык сый акысын кайтарып бербөөгө.
5.1.3. Банктын операциялык залында же Банктын расмий веб-сайтында: *www.ksbc.kg* көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин 10 (он) банк күнү мурда киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө маалыматты жайгаштыруу аркылуу ушул келишимдин шарттарын, Картты чыгаруу жана тейлөө шарттарын, Эрежелерди жана Тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө жаа толуктоого.
5.1.4. Карт ээсинин макулдугусуз (акцептсиз) карттар акча каражаттарын чыгарып алууга:

- операциялар реестринде көрсөтүлгөн карт боюнча операциянын суммасында;
- Банктын Тарифтерине ылайык Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркын төлөө үчүн;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздер боюнча Карт ээсинин акча каражаттарын алып коюу жөнүндө үчүнчү жактардын тескемесин аткарууда;

- ушул Келишимди аткарууга байланыштуу пайда болгон Банктын алдындагы карт боюнча карызды, ошондой эле Карт ээсинин Банктын алдындагы башка карызын төлөө эсебине;
- Карт ээсине таандык эмес картка жаңылыш чегерилген акча каражаттары;
- эгерде Карт ээси карттын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин и ай мурда банктык картты жокко чыгарууга арыз бербесе, картты жылдык тейлөө наркынын өлчөмүндө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында каралган негиздер боюнча Карт ээсинин акча каражаттарын алып коюу жөнүндө үчүнчү жактардын тескемесин аткарууда;
- Банк менен Карт ээсинин ортосунда түзүлгөн келишимдерде каралган негиздер боюнча;
- белгилүү бир мезгилдин ичинде жана (же) акча каражаттарынын белгилүү бир суммасынын чегинде карт-эсептен акча каражаттарын алуу боюнча алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксат (көрсөтмө) боюнча.

5.1.5. Карт боюнча санкцияланбаган операцияларды жүргүзүү тобокелдигин азайтуу максатында, карт боюнча операцияларды жүргүзүүгө чектөөлөрдү жана лимиттерди белгилөөгө. Чектөөлөрдүн жана лимиттердин өлчөмү, ошондой эле аларды белгилөө жана өзгөртүү шарттары, мөөнөтү жана тартиби Банк тарабынан өз алдынча аныкталат.

5.1.6. Карт операциясын жүргүзгөн күндөн тартып 45 (кыр беш) календардык күн өткөндөн кийин Карт ээси тарабынан берилген карт операциялары боюнча дооматтар кароого кабыл алынбайт.

5.1.7. Процессинг борборунан карт операциясын жүргүзүү фактысын тастыктаган документтерди алганга чейин жүргүзүлгөн карт операциясы боюнча Авторизациялоо суммасына акча каражаттарын Карт эсебинде бөгөттөөгө. 30 (отуз) календардык күн ичинде тастыктоочу документтер түшпөгөн учурда бөгөттөлгөн сумма бөгөттөн чыгарылууга тийиш.

5.1.8. Төмөндөгү учурларда өзүнүн кароосу боюнча андан ары жокко чыгаруу менен картты бөгөттөөгө жана Карт ээсинен Картты 5 (беш) күн ичинде кайтарып берүүнү талап кылууга, эгерде:

- картты пайдалануу убагында Банкка жалган маалымат берилгени белгилүү болсо же анын чындыкка дал келбестиги жөнүндө шектенүүлөр жаралса;
- бир нече жолу Техникалык овердрафт учурлары пайда болгондо, Карызды төлөө мөөнөттөрүн бузганда;
- Карт ээси ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбаганда;
- Карт ээсинен картты жокко чыгарууга жана ушул Келишимди бузууга арыз түшкөндө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча карт боюнча чыгыштоо операциялары токтотулганда;
- Карт ээсинен картты жоготууга, уурдатууга жана/же санкцияланбаган пайдаланууга байланыштуу картты бөгөттөөгө арыз алынганда;
- Банк тарабынан аныкталган башка негиздер боюнча.
- Ушул Келишимде көрсөтүлгөн негиздер боюнча картты бөгөттөө Банк тарабынан өз алдынча аныкталган мөөнөттө жүргүзүлөт.

5.1.9. Төмөндөгү учурларда Карт эсепти жабуу жана ушул Келишимдин аракетин токтотуу божомолдонгон күнгө чейин 45 (кырк беш) календардык күн мурда Карт ээсине бул тууралуу жазуу жүзүндө билдирүү менен, бир тараптуу тартипте Карт ээсинин карт эсебин жабууга же ушул Келишимди бузууга:

- Карт ээси тарабынан аны идентификациялоо боюнча же эсеп(-тер) менен операцияларды жүргүзүү боюнча талаптарды аткаруу үчүн керектүү тиешелүү документтер берилген эмес;
- Карт ээси тарабынан туура эмес (жалган, жасалма ж.б. документтер) же жараксыз документтер берилген;
- Карт ээсине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык алынган террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) катышкандыгы жөнүндө маалымат болгондо.
- Карт ээсинин эсеби боюнча 1 (бир) жыл ичинде операциялар жок болгон учурда.

5.1.10. Банк Карт ээсине Карыздын пайда болгондугу жөнүндө билдирген учурдан тартып 5 (беш) банк күнү ичинде аны төлөбөгөндө Карт ээсинин банктык эсептерине акча каражаттарынын

түшүүсүнө жараша Банктагы Карт ээсинин каалаган банктык эсептеринен Карыздын жалпы суммасын талашсыз (акцептсиз) тартипте чыгарып алууга.

5.1.11. Карт ээси төлөөгө жөндөмсүз болгон учурда, Карт ээсинин Карызынын ордун толтуруу боюнча сотко доо арыз берүүгө жана Карт ээсинин финансылык бузуулары жөнүндө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык компетенттүү органдарга маалымат берүүгө.

5.1.12. Карт ээсинин арызынын негизинде Банк тарабынан белгиленген чектөөлөрдүн жана лимиттердин алкагында Негизги жана Кошумча карттар боюнча чектөөлөрдү жана лимиттерди белгилөөгө.

5.1.13. Негизги картты жокко чыгарган учурда карт боюнча таризделген Кошумча картты жокко чыгарууга жана жылдык тейлөө үчүн кармалган комиссияны кайтарып бербөөгө.

5.1.14. Картты пайдалануу менен операцияларды жасаганда, комиссияны эсептен чыгарууга, анын өлчөмү Банктын Тарифтерине ылайык аныкталат.

5.1.15. Карт боюнча алдамчылык/мүнөздүү эмес иш-аракеттер жасалгандыгына шектенген учурда, Банк Карт ээсинин шектүү/мүнөздүү эмес трназакцияларга катыштыгын тактаган/тастыктаган учурга чейин картты бөгөттөөгө, ал эми зарыл болгондо жаңы картты кайра чыгарууга ыйгарым укуктуу/укуктуу.

5.1.16. Мурда берилген маалыматтарды текшерүү же Банкта болгон маалыматты толуктоо үчүн Эсеп ээси/Карт ээси жөнүндө маалыматты үчүнчү жактардан суроого жана алууга, ошондой эле жалпы жеткиликтүү регистрлерден, мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу мекемелеринин жеке маалыматтарды иштеп чыгуу тутумдарынан жана башка жалпыга жеткиликтүү булактардан алууга.

**5.2. Банк милдеттүү:**

5.2.1. Ушул Келишимдин жана Эрежелердин шарттарына ылайык артты тейлөөнү камсыздоого.

5.2.2. Карт эсеби боюнча ушул Келишимде көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүүгө.

5.2.3. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Банк тарабынан тастыкталган төлөм документтери келип түшкөн күндөн кийинки Банк күнүнөн кечиктирбестен Картка акча каражаттарын чегерүүгө.

5.2.4. Техникалык овердрафт түзүлгөн учурдан тартып Карт ээсине карт боюнча пайда болгон Карызды төлөө зарылчылыгы жөнүндө билдирүүгө.

5.2.5. Карт ээсинен картты бөгөттөө/бөгөттөн чыгаруу арызы түшкөндө картты бөгөттөөнү/бөгөттөн чыгарууну жүргүзүүгө.

5.2.6. Карт ээси кайрылганда картты бөгөттөө себебин билдирүүгө.

5.2.7. Банктын операциялык залында же Банктын расмий веб-сайтында: *www.ksbc.kg* көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин 10 (он) банк күнү мурда Тарифтердин өзгөрүшү жөнүндө маалыматты жайгаштыруу аркылуу Тарифтердин жана ушул Келишимдин шарттарынын өзгөрүүлөрү жөнүндө өз убагында билдирүүгө.

5.2.8. Картты Банктын демилгеси боюнча бөгөттөө учурунда Карт ээсине себебин көрсөтүү менен 5(беш) банк күнү ичинде жазуу түрүндө билдирүүгө.

5.2.9. Карт ээсинен карт эсептен акча каражаттарын алууга алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксатты (көрсөтмөнү) алганда, мындай уруксат менен каралган мөөнөттө жана шарттарда карт эсептен акча каражаттарын алып коюуга. Акча каражаттарын алуу жөнүндө Карт ээсинин алдын ала уруксатын аткаруу үчүн акча каражаттарын төлөөнү же которууну жүргүзүү күнүнө карата карт эсепте акча каражаттары жок же жетишсиз болгон учурда Карт ээсинин көрсөтмөсү аткарылбайт.

5.2.10. Карт ээси “код сөздү” билдиргенден, же идентификациялоо жол-жобосунан өткөндөн кийин телефон аркылуу суроо-талаптын негизинде Карт ээсинин эсеби(тери) боюнча акча каражаттарынын калдыгы жана кыймылы жөнүндө маалыматты берүүгө.

## 6. Тараптардын жоопкерчилиги

6.1. **Банк төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартат**:

6.1.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык банк сырын ачыкка чыгаруу;

6.1.2. Банктын күнөөсү боюнча карт эсеби боюнча жаңылыш жүргүзүлгөн операция. Бул учурда Банктын жоопкерчилиги карт эсеп боюнча жаңылыш жүргүзүлгөн операцияны жокко чыгаруу менен чектелет.

**6.2. Банк төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:**

6.2.1. Үчүнчү тараптын картты тейлөөдөн баш тартуусу;

6.2.2. Картты пайдалануу менен сатылып алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты;

6.2.3. Карт ээсинин кызыкчылыгын козгой турган, үчүнчү тарап белгилеген карт боюнча лимиттер, чектөөлөр жана кошумча сый акылар (кызыкчылыктар);

6.2.4. Жоголгон/уурдалган картты бөгөттөө жөнүндө өтүнүч менен Банкка Карт ээсинин өз убагында кайрылбагандыгынын кесепеттери;

6.2.5. Карт операциялары боюнча маалыматтарды кабыл алууну, иштеп чыгууну жана берүүнү камсыздаган электродук системалардын ишиндеги үзгүлтүктөр менен түз же кыйыр байланыштуу Карт кармоочуга келтирилген бардык зыян жана чыгаша;

6.2.6. Интернет жана Мобилдик Банкинг аркылуу каалаган операцияларды жүргүзүүгө жетүү мүмкүндүгүнүн терс кесепетитери, анын катарында, бирок чектелбестен, Интернет жана Мобилдик Банкинг аркылуу банктык төлөм карт боюнча үчүнчү жактардын санкцияланбаган операцияларды жүргүзүү тобокелдиги.

6.2.7. Карт ээсинин жана Кошумча карт ээсинин ортосундагы талаштарды жана пикир келишпестиктерди жөнгө салуу;

6.2.8. Эгерде Банк ушул Келишимдин шарттарын аткаруу үчүн бардык зарыл чараларды көрсө, Банктын ушул Келишимдин шарттарын аткаруусуна тоскоолдук кылган, үчүнчү жактардын – Банктын контрагенттеринин аракети жана/же аракетсиздиги;

6.2.9. Карт ээсинин ушул Келишимди жана Банктын Эрежелерин сактабагандыгынын кесепеттери.

6.2.10. Картты жоготуу/уурдатуу учурунан тартып Банкка картты жоготуу/уурдатуу жөнүндө билдирүү түшкөн учурга чейинки мезгилде карт боюнча жүргүзүлгөн транзакциялар;

6.2.11. Үчүнчү жактар жасаган ПИН-кодду киргизүү менен Карт боюнча санкцияланбаган операциялар, ошондой эле карт номерин, Карттын колдонуу мөөнөтүн жана CVV киргизүү менен Интернет аркылуу жасалган Карт боюнча санкцияланбаган операциялар

6.2.12. Жогорку тобокелдик өлкөлөрүнүн аймагында катталган жабдууларда картты пайдалануу менен алдамчылык иш-аракеттерди жасоонун натыйжасында пайда болгон чыгашалар;

6.2.13. Эгерде Карт ээси картты жокко чыгарууга арыз менен Банкка өз убагында кайрылбаса, карт эсебинен жылдык тейлөө наркын кармап калуу;

6.2.14. Карт ээси ушул Келишимде көрсөтүлгөн жеке маалыматтардын өзгөргөнү жөнүндө билдирбегенде пайда болгон кесепеттер үчүн.

6.3. **Карт ээси төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартат**:

6.3.1. Карт эсептеги акча каражаттарынын калдыгын контролдоо;

6.3.2. Жоголгон/уурдатылган картты бөгөттөө жөнүндө талап менен Банкка өз убагында кайрылбоо;

6.3.3. Карт эсепке жаңылыш чегерилген акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Келишимге ылайык Банкка кайтарбоо;

6.3.4. Карт ээси картты берген жана/же ПИН-кодду үчүнчү жакка ачыктаган учурда, ошондой эле Карттын колдонуу мөөнөтүн жана CVV берүү учурунда, Тарифтер менен белгиленген төлөмдү жүргүзүү үчүн Банктын сый акысын эске алуу менен үчүнчү жак тарабынан санкцияланбаган төлөм;

6.3.5. Жүргүзүлгөн карт операциялары, анын ичинде картты жана/же карттын реквизиттерин пайдалануу менен үчүнчү жактар жүргүзгөн операциялар;

6.3.6. Карт ээсинин ушул Келишимдин шарттарын бузуусу;

6.3.7. Карт ээсинин картка жаңылыш чегерилген акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Келишимге ылайык Банкка кайтаруудан баш тартышына байланыштуу үчүнчү жактарга же Банкка келтирилген зыян же чыгаша.

6.3.8. Тараптар эгерде аткарбагандык жеңилгис күч жагдайларынын: өрттүн, суу каптоонун, жер титирөөнүн, Тараптардын көзөмөлүнөн тышкары турган башка жагдайлардын, техниканын

иштебей калышынын, программалык камсыздоонун, электр менен камсыздоонун жана маалыматтарды берүү системасынын үзгүлтүк болушунун кесепети болуп саналса, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан Тараптарга карата чечимдер, токтомдор, аныктамалар кабыл алынып, ушуга байланыштуу ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди талаптагыдай жана мөөнөтүндө аткаруу мүмкүн болбой калган учурларда, мындай жол менен ушул Келишимдин милдеттенмелерин аткаруусуна тоскоол кылынган Тарап бул жагдайлардын таасирин басаңдатуу үчүн акылга сыярлык аракет жумшаган жана ушул Келишимдин шарттарын толук аткаруу үчүн бардык аракетин жумшоону уланткан шартта, милдеттенмени жарым-жартылай же толук аткарбагандык үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат.

## 7. Талаштарды чечүү тартиби

7.1. Ушул Келишимди аткарууда жаралган бардык талаштар жана пикир келишпестиктер мүмкүн болушунча Тараптар ортосундагы сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет. Макулдашууга жетишилбеген талаштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунда чечилет.

7.2. Тараптар талаштарды чечүүдө далил катары электрондук маалыматты алып жүрүүчүлөрдө карт операциялары жөнүндө маалыматты таанууга макул.

## 8. Ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү жана аны бузуу тартиби

8.1. Ушул Келишим ага Тараптар кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет жана карттын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин же Тараптардын биринин демилгеси боюнча аны бузганга чейин күчүндө болот. Эгерде карт жаңы мөөнөткө узартылса, Келишим автоматтык түрдө узартылган карттын жаңы колдонуу мөөнөтүнө узартылат. Картты аны жоготуп алуу, уурдатуу жана/же уруксатсыз пайдалануу жана/же ПИН-кодду жоготуу, магниттик тилкесин бузуу жана/же магнитин кетирүү себебинен улам картты кайра чыгарууда, Келишимдин колдонуу мөөнөтү мурдагыдай калат.

8.2. Банк төмөндөгү учурларда Карт эсепти жабуунун жана ушул Келишимдин аракетин токтотуунун болжолдуу датасына чейин 45 (кырк беш) календардык күн мурда Карт ээсине жазуу түрүндө билдирип, бир тараптуу тартипте Карт ээсинин Карт эсебин жабууга жана ушул Келишимди бузууга укуктуу:

- Карт ээси тарабынан аны идентификациялоо боюнча же карт эсеби боюнча операцияларды жүргүзүү боюнча талаптарды аткаруу үчүн керектүү тиешелүү документтер берилген эмес.
- Карт ээси тарабынан туура эмес (жалган, жасалма ж.б. документтер) же жараксыз документтер берилген.
- Карт ээсине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык алынган, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешени легалдаштырууга (изин жашырууга) катышкандыгы жөнүндө маалымат бар.
- 1 (бир) жыл ичинде Карт ээсинин карт эсебинде операция жок болгон учурда.

8.3. Карт ээсине ушул Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүү күнү катары Карт ээси ушул билдирүүнү алган күн эсептелет.

8.4. Ушул Келишимди Тараптардын биринин демилгеси менен бузуу учурунда картты бир жылдык тейлөө үчүн комиссия Банк тарабынан кайтарылбайт. Карт эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы башка банктык эсепке которулат же нак акча менен берилет.

8.5. Банк ушул Келишимди бузгандан жана Карт ээси Банктын алдындагы бардык карызды төлөгөндөн тартып 45 (кырк беш) календардык күн өткөндөн кийин карт эсепти жабат.

8.6. Ушул Келишим Тараптар ортосундагы бардык эсептешүүлөр толук аяктагандан кийин бузулду деп эсептелет жана өз аракетин токтотот.

## 9. Кошумча шарттар

9.1. Банк Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына ылайык анын тескөөсүндө турган Негизги/Кошумча карт ээси жана анын операциялары жөнүндө бардык маалыматтын купуялуулугуна сактайт.

9.2. Купуялуулукту сактоо жөнүндө талап төмөнкү учурларда колдонулбайт:

9.2.1. Жалпы жеткиликтүү маалыматты жайылтууга;
9.2.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, көлөмдө жана тартипте Банк Негизги/Кошумча карт ээси жана алар жүргүзгөн операциялар жөнүндө маалыматты берүүгө укуктуу;
9.2.3. Эгерде Банк карт эсепти жана картты тейлөө кызмат көрсөтүүсүн камсыздоо үчүн зарыл болгон функцияларды аткарууну же кызмат көрсөтүүнү Банк ишенип тапшырган өзүнүн ишкер өнөктөштөрүнө өз резиденциясынын ченемдик актыларынын талаптарына ылайык тиешелүү кызматты көрсөтүү жана өз функцияларын аткаруу үчүн ишкер өнөктөшкө зарыл болгон көлөмдө маалыматты берсе;
9.3. Карт ээси, ушул Келишимге кол коюу менен, бардык жеке маалыматтарын, анын ичинде Банкка белгилүү болгон жана/же келечекте Банкка белгилүү боло турган, маалыматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган бардык жолдор менен чогултууга, пайдаланууга жана иштеп чыгууга, анын ичинде, бирок муну менен чектелбестен: төмөнкү максатта, бирок алар менен чектелбестен, үчүнчү жактардан сураганга жана алууга, үчүнчү жактарга берүүгө, топтоого, сактоого, актуалдаштырууга, кайра өндүрүүгө, электрондук көчүрүүгө, ээсиздендирүүгө, бөгөттөөгө, жок кылууга макулдугун берет:
9.3.1. Банк менен банктык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө келишимдерди жана макулдашууларды түзүү;
9.3.2. Банк менен Карт ээсинин ортосунда түзүлгөн келишимдерди жана макулдашууларды аткаруу;
9.3.3. Банк тарабынан Карт ээси менен түзүлгөн келишимдерди жана макулдашууларды тейлөө боюнча функцияларды жүзөгө ашыруу;
9.3.4. Банктын маалыматтык системаларын, жеке маалыматтарын түзүү;
9.3.5. Укук коргоо органдарынан Карт ээсин кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маалыматты талап кылуу;
9.3.6. Карт ээсине Банктын жаңы өнүмдөрү жана кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө маалыматты, ошондой эле Карт ээсине банктык кызматтарды көрсөтүүгө түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу башка максаттарда сунуштоо.
9.4. Мындан тышкары ушул Келишимге кол коюу менен, Карт ээси Банктын Кредиттик-маалыматтык бюродон (мындан ары – КМБ) өзү жөнүндө кредиттик отчетту алуусуна, Банктын Карт ээси жөнүндө кредиттик маалыматты КИБга жана башка юридикалык жана жеке жактарга берүүсүнө, ошондой эле Карт ээсине банктык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу максатында, кредиттик таржымал жөнүндө кеңири маалыматты түзүү жана алуу үчүн КМБ менен маалыматтарды алмашууга шартсыз мөөнөтсүз макулдугун берет.
9.5. Карт ээси ушул Келишимге кол коюу аркылуу Тарифтер жана Картты колдонуу эрежелери менен тааныш экенин ырастайт.
9.6. Карт ээси карт боюнча операцияларды жүргүзүүдө банк эсебин ачууга жана карт чыгарууга арызда көрсөтүлгөн номерге жана электрондук почтага SMS – билдирүү жана e-mail – билдирүү алууга макул.
9.7. Ушул Келишимде жана Картты колдонуу эрежелеринде белгиленбеген башка учурларда Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алышат.
9.8. Ушул Келишимге бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор, ушул Келишимдин шарттарына ылайык Банк тарабынан бир тараптуу тартипте киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолордон тышкары, эгерде алар жазуу жүзүндө түзүлсө жана эки Тарап кол койсо, жарактуу болуп саналат.
9.9. Эгерде жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ага тил кат менен тапшырылса же Карт чыгарууга арызда көрсөтүлгөн дарек боюнча буйрутма кат менен жөнөтүлсө, башка Тарап алды деп эсептелинет.
9.10. Ушул Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада, Тараптардын ар бири үчүн бир нускадан түзүлдү.
9.11. Карт ээси муну менен төмөндөгүлөрдү ырастайт:

9.11.1. Аракетке жөндөмдүүлүктөн ажыраган эмес, Келишимдин бардык шарттары менен тааныш жана макул, ушул Келишимдин маңызын түшүнөт, аны өзү үчүн пайдасыз шарттарда ушул Келишимди түзүүгө мажбурлаган жагдайлар жок.

**«Кыргыз-Швейцария Банкы» жабык акционердик коомунун Банктык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө жөнүндө келишимге офертага**
**№1 тиркеме**

# КАРТАНЫ ПАЙДАЛАНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Карта карта ээсинин акча каражаттарынын эсебинен товарлардын (кызматтардын жана жумуштардын) акысын төлөө жана накталай акча каражаттарын алуу каражаты болуп саналат.
1.2. Картанын жарактуулук мөөнөтү картада жазылган айдын жана жылдын акыркы күнүнөн кийин токтотулат.
1.3. Картанын аркасында Карта ээсинин колтамгасы болбосо жарактуу деп эсептелбейт.
1.4. Карта ээси бул Келишимге ылайык карталык эсеп боюнча көчүрмөнү Банкта алууга укуктуу.
1.5. Ар айлык көчүрмөнү Карта ээси алган күндөн тартып 5 (беш) банктык күн ичинде жазуу жүзүндө доо-талаптар Банкка билдирилбесе, ар айлык көчүрмө Карта ээси тарабынан тастыкталган жана туура деп эсептелет.
1.6. Карта эсебине акча каражаттары накталай же накталай эмес формада киргизилет.
1.7. Накталай эмес формада кыргыз сому жана башка валюта түрүндө каражаттарды которуу үчүн Банктын https://www.ksbc.kg расмий сайтында жазылган реквизиттер колдонулат.

## 2. Картаны пайдалануу

2.1. Накталай акчаларды берүү пунктунда акча каражаттарын алуу же товарларды (жумуштарды жана кызматтарды) төлөө боюнча операцияларды жүргүзүүдө чек чыгарылат. Карта ээси бардык тилкелерди толтурганын жана аталган документтерде жазылган суммалардын чыныгы сатып алуунун (кызматтын) суммасы менен же алынган накталай акча каражаттарынын суммалары менен дал келгендигин текшергенден кийин чекке колтамгасын коюшу керек, андан кийин Карта ээсине ПОС-терминалдын чегинин бир нускасы берилет.
2.2. Сатып алуунун (кызматтын) суммасы жазылбаган ПОС-терминалдын чегине кол койгонго болбойт. Сатып алуу учурунда (айрыкча ресторанда) кассирге (официантка) картаны Сиз көрбөгөн жакка алып кетүүсүнө уруксат бербеңиз.
2.3. Кассирдин бир эле операцияны Сиздин карта боюнча эки жолу жүргүзүүсүнө жол бербеңиз.
2.4. Картаны кабыл алуудан баш тартылган учурда жана мындан улам сатып алуу накталай акчага жүргүзүлсө дайыма чектерди сактап коюңуз. Начар байланыштан улам карта боюнча төлөөдөн баш тартылган учурда Сиз төлөө процедурасын бир нече мүнөттөн кийин кайталасаңыз болот (албетте, эгерде картада бул акчалай сумма бар экендигине толук ишенсеңиз).
2.5. ПОС-терминалдардын чектеринин биринчи нускаларын сактаңыз, алардын жардамы менен картада канча акча каражаты калганын эсептейсиз.
2.6. Көңүл бурдуруучу жагдай, унаанын ижарасын төлөөдө, мейманкана үчүн төлөөдө же кандайдыр бир башка кызматтын акысын төлөөдө Сиздин карта эсебиңизде кызматтын баасы тосмолонушу мүмкүн жана Сиз ал сумманы тосмо алынганга чейин пайдалана албайсыз.
2.7. Картанын жардамы менен жүргүзүлгөн операция үчүн комиссия Ар айлык жана Кошумча көчүрмөлөрдө жазылат.
2.8. Картаны тейлөөгө кабыл алып жаткан уюм жеке күбөлүктү же Карта ээсинин инсандыгын күбөлөндүрүүчү башка расмий документти көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу экендигин Карта ээси унутпашы керек.
2.9. Картаны колдонуу менен операциянын жүргүзүлгөндүгүн тастыктаган документтер: ПОС-терминалдын чеги, банкоматтын чеги, ошондой эле Процессинг борборунан Банктын сурамы боюнча алынган башка документ.
2.10. Аталган документтерде маалыматтар дал келбеген учурда Процессинг борборунан Банк алган документ картаны колдонуу менен операциянын жүргүзүлгөнүн тастыктаган акыркы жана бирден-бир документ болуп эсептелет.

## 3. Банкоматты пайдалануу эрежелери

3.1. Картанын жардамы менен Карта ээси банкоматтан акча каражаттарын алат. Ал үчүн картаны банкоматтын кабыл алуучу бөлүгүнө киргизип, экранда жазылып чыккан көрсөтмөлөрдү кылдаттык менен окуңуз. Накталай акча каражаттарын алуу үчүн керектүү буйрутмаларды тандасаңыз болот.

3.2. ЖИН-кодду терүүдө аны башкалар көрбөшү керек. КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ! ЖИН-кодду эки жолу туура эмес жазып алууга болот. Үчүнчү жолкудан кийин карта тосмолонот жана банкомат тарабынан кармалып калат.

3.3. Экранда «КАРТАНЫ АЛЫҢЫЗ» көрсөтмөсү пайда болгондон кийин көңүл коюңуз – дароо картаны алуу зарыл, болбосо аны банкомат кармап калат (20 секунддан кийин).

3.4. Акча каражаттары чыгарылып берилгенде аларды дароо алыңыз, болбосо 20 секунддан кийин аны банкомат кармап калат, андан соң Сизге берилген накталай акча каражаттарынын суммасы тууралуу чекти алыңыз.

3.5. Эгерде Сиздин картаңыз же акча каражаттары банкоматта кармалып калса, анда картаны чыгарган Банк менен байланышыңыз.

3.6. Коопсуз жерлерге орнотулган банкоматтар аркылуу операцияларды жүргүзүңүз. Керектүү жагдайда Сизге тааныш эмес банкоматты колдонуу керек болсо, жакшы жарыктандырылганын жана ыңгайлуу жерге же банктардын бөлүмдөрүндө орнотулгандарын тандаңыз.

3.7. Банкомат жайгашкан жайга кирүү үчүн картанын ИЖН-кодун (PIN-код) жазууну талап кылган жабдыктарды колдонбоңуз. Эгер Сиз ИЖН-кодун (PIN-код) жазууну талап кылган жайга кирүү жабдыгын тапсаңыз, аны колдонбоңуз. Эгерде ИЖН (PIN-код) буга чейин бул жабдыкта жазылган болсо, анда картаны тез арада тосмолоп, ИЖН-кодун (PIN-код) жазууну талап кылган жайга кирүү жабдыгы бар банкомат орнотулган даректи Банкка билдирүү сунушталат.

3.8. Эгерде банкоматтын жанында башка адамдар бар болсо, банкоматты колдонуу үчүн ыңгайлуураак убакытты тандоо же башка банкоматты колдонуу керек.

3.9. Банкоматты колдонуудан мурун, анын түзүлүшүнө туура келбеген жана ИЖН (PIN-код) терилүүчү жерге орнотулган жана карта кабыл алгыч жерде жайгашкан кошумча түзүлүштөрдүн жок экенин текшерип алыңыз (мисалы, ИЖН (PIN-код) терүү үчүн клавиатуранын тегиз эместиги). Аталган учурда, мындай банкоматты колдонбоңуз.

3.10. Эгерде банкоматтын клавиатурасында же карталарды кабыл алуучу жерде анын түзүлүшүнө туура келбеген кошумча түзүлүштөр болсо, бул банкоматта картаны колдонбоңуз жана банкоматта жазылган телефон аркылуу Банкка бул тууралуу билдириңиз.

3.11. Банкоматта карта боюнча операцияны жүргүзүүнүн алдында банкоматта Сиздин картаңыздагы төлөм системасынын эмблемасы, ошондой эле банкоматты тейлеген Банк тууралуу маалыматтын (аталышы, дареги, телефон) турганын текшерип алыңыз.

3.12. Банкоматка картаны киргизүүдө күч колдонбоңуз. Карта кирбей жатса, мындай банкоматты колдонбоңуз. Банкоматка карта кирип жатканда жана кайра чыгарууда картаны түртпөңүз жана картаны кабыл алгычта кыймыл толугу менен токтогонго чейин сууруп албаңыз. Картанын бир калыпта болбогон кыймылы бузулуу болуп эсептелбейт, анда жазылган маалыматты мыйзамсыз көчүрүп алуудан картаңызды сактоо үчүн керектүү.

3.13. Эгерде банкомат туура иштебей жатса (мисалы: көпкө токтоп калса, өзүнөн өзү өчүп кайра иштей баштаса), мындай банкоматты колдонууга болбойт, «Отмена» деген баскычка басуу менен учурда жүрүп жаткан операцияны токтотуңуз жана картанын чыгуусун күтүңүз.

3.14. Банкомат басып чыгарган дүмүрчөктөрдү андан ары аларда көрсөтүлгөн суммаларды эсеп боюнча көчүрмө менен салыштыруу үчүн сактап коюу керек.

3.15. Үчүнчү жактардын кеңешин укпаңыз, ошондой эле банкоматтарда карта менен операцияларды жүргүзүүдө алардын жардамын кабыл албаңыз (картаңыз тыгылып калса же операция жасоодо көйгөй жаралса дагы). «Жардамчынын» жанында ИЖН-кодун (PIN-код)

тербеңиз, алаксыбаңыз, анткени бул учурда шылуундар банкоматтан картаңызды же берилген акчаңызды алып кетиши мүмкүн.
3.16. Эгерде операцияларды жүргүзүүдө банкомат картаны кайтарбаса, анда банкоматта көрсөтүлгөн телефон аркылуу кредиттик уюмга чалып, болгон окуянын жагдайын түшүндүрүү керек, ошондой эле Банкка кайрылып, андан ары Банктын жооптуу кызматкеринин көрсөтмөлөрүн аткаруу зарыл.

## 4. Картаны пайдаланууда сактык чаралары

4.1. Унутпаңыз – Сиздин картаңыз ЖИН-код менен бирге Сиздин карта эсебиңизге «ачкыч» болуп саналат.
4.2. ЖИН-кодду башка адамдар билбеши керек.ЖИН-кодду жөн гана эстеп калуу оң. Эгерде эстеп калуу кыйын болсо, аны башкалар көрбөгөн жакка жазып коюңуз. ЖИН-кодду картага жазбаңыз. ЖИН-код колдонулган операциялар Карта ээси тарабынан жасалды деп таанылат жана талашууга жатпайт.
4.3. Картаны коопсуз жерде сактаңыз. Кимдир бирөө картанын номерин жана Сиздин колтамгаңыздын үлгүсүн алып көчүрүп ала турган жерде калтыруудан алыс болуңуз.
4.4. Магниттик тилкени жана чипти жабыркатып албоо үчүн картаны механикалык жабыркоолордон жана электромагниттик талаалардын таасиринен (унаа сигнализациялары, уюлдук телефондор, компьютерлер, аэропорттогу өткөрүүчү рамкалар, банктар, дүкөндөр ж.б.) сактаңыз.
4.5. Эч качан, кандай гана жагдай болбосун, картаны колдонуу үчүн башка адамдарга, анын ичинде туугандарыңызга бербеңиз. Картада аты-жөнү жазылган адам гана Картаны колдонууга укуктуу.
4.6. Картадан акча каражаттарынын бардыгын чыгарып алуу боюнча мыйзамсыз иш-аракеттерди алдын алуу максатында Карта боюнча операциялардын суммасына суткалык чектөөнү орнотуу керек. Чоң суммаларга транзакцияларды жүргүзүү зарылчылыгына байланыштуу Карта боюнча суткалык чектөө ашып кеткен учурда, чоң суммада чыгарып алуулардан жана ири сатып алуулардан кийин суткалык чектөөнү азайтуу сунушталат.
4.7. Карта тууралуу маалыматтарды же жеке маалыматтарды кимдир бирөө, анын ичинде Банктын кызматкери сураса, айтпаңыз. Банкка чалып, бул факт тууралуу аларга билдириңиз.
4.8. Банктын же башка жактын атынан (анын ичинде төлөм системасынын өкүлчүлүктөрүнөн же тейлөө борборлорунан) телефон же почта байланышын колдонуу менен, телекөрсөтүү же радио аркылуу же башка жолдор менен Сиздин картаңыздын купуя маалыматтарын (анын ичинде ИЖН (PIN-код)) ырастоо/жаңыртуу өтүнүчү менен кандайдыр бир билдирүүлөрдү алганда, мындай каттарга/кулактандырууларга эч качан жооп бербеңиз жана картаңыздын купуя маалыматтарын эч кимге айтпаңыз. Эгер Сизге авто-маалымат берүүчү же Банк кызматкери чалса жана Сиз Банктын кызматкери чалып жатканынан күмөн санасаңыз, сүйлөшүүнү токтотуп, сөзсүз түрдө Банкка кайра чалыңыз, чалуунун жүргүзүлгөнүн жана максатын билип алыңыз.
4.9. Банк менен маалыматтык өз ара аракеттенүү максатында түздөн-түз Банктан алынган документтерде көрсөтүлгөн байланыш каражаттарынын расмий реквизиттерин (стационардык телефондор, интерактивдүү web-сайттар/порталдар, электрондук почта ж.б.) гана колдонуу сунушталат.
4.10. Эсиңизде болсун, эгерде ИЖН (PIN-код), жеке маалыматтар ачыкка чыкса, Карта жоголуп кетсе, үчүнчү жактар тарабынан картаңыздагы акча каражаттары менен мыйзамсыз иш-аракеттердин жасалуу коркунучу бар. Эгерде Сиздин картаңыз менен мыйзамсыз иш-аракеттерди жасоого мүмкүнчүлүк берген ИЖН, жеке маалыматтарын белгилүү болушу тууралуу күмөндөр бар болсо, ошондой эле Карта жоголуп кеткен болсо, Картаны Интернет-банкингде же Уюлдук банкингде дароо тосмолоо же Банкка кайрылуу керек. Банктын бөлүмүнө кайрылганга чейин, картаңыздан акча каражаттарынын уруксатсыз алынышына байланыштуу тобокелдикти Сиз тартасыз. Карта тосмолонгонго чейин же бул тууралуу Банкка билдиргенге чейин Картаны мыйзамсыз колдонуунун натыйжасында Картадан алынган акча каражаттарынын орду толукталбайт.

4.11. Операцияларды тийиштүү төлөм системасынын эмблемалары (логотиптери) жайгашкан соода-сервистик ишканаларда, банк мекемелеринде жана банкоматтарда жүргүзүү керек.
4.12. Карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча маселелерди чечүү максатында карта менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча документтерди сактап коюңуз.
4.13. Картанын жоголгону, уурдалганы же мыйзамсыз колдонулушу аныкталган учурда дароо бул тууралуу Банкка (+996)312543424 телефону аркылуу, банк иштеген күндөрү 09:00 тартып 18:00 чейин (Бишкектин убактысы боюнча) же (+996)312664325, (+996)312637696 телефондору аркылуу Колдонуучуларды колдоо борборуна билдириңиз. Сөзсүз түрдө билдирүүңүздү банк иштеген күндөрү 09:00 тартып 18:00 чейин (Бишкектин убактысы боюнча) (+996)312543424 телефону аркылуу дагы бир жолу жибериңиз. Карта ээсинин каалагандай оозеки кайрылуусу жазуу жүзүндөгү арыз менен тастыкталышы керек, аны Банкка «720005, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Байтик Баатыр к., 68» дареги аркылуу тапшыруу керек же оозеки кайрылуудан кийин 5 (беш) банктык күндүн ичинде bank@ksbc.kg электрондук дарегине жиберүү зарыл.
4.14. Карта жоголуп кеткен учурда жаңы карталар Карта ээсине тарифтерге ылайык картаны алмаштыруунун баасы төлөнгөндөн кийин Карта ээсинин жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде берилет.
4.15. Картанын ээси картаны тосмолоо тууралуу талап менен Банкка жана Колдонуучуларды колдоо борборуна өз убагында кайрылбаганынын кесепеттери үчүн жоопкерчиликтүү болот.
4.16. Мурун жоголгон, уурдалган же мыйзамсыз колдонулууда деп билдирилген карта табылган учурда Картанын ээси бул тууралуу дароо Банкка (+996)312543424 телефону аркылуу банк иштеген күндөрү 09:00 тартып 18:00 чейин (Бишкектин убактысы боюнча) билдириши керек, андан кийин аны «720005, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Байтик Баатыр к., 68» дарегине карта табылган күндөн тартып 5 (беш) банктын күн ичинде алып келиши керек.

## 5. Карта эсебинин валютасынан айырмаланган валютада транзакцияларды жүргүзүүдө валюталарды конвертациялоо эрежелери

| Төлөм системасы | Карта эсебинин валютасы | Операциянын валютасы | Транзакция толугу менен аяктаганда сумманы эсептөө |
|---|---|---|---|
| Элкарт ТКУС | KGS | Элкарт карталарын колдонуу менен транзакцияларды жүргүзүүгө мүмкүн болгон каалагандай чет элдик валюта | 1. Карталык операцияны жүргүзүүдө операциянын валютасынан KGS валютасына конвертациялоо Карталык операция жүргүзүлүп жаткан учурда актуалдуу болгон Төлөм системасынын курсу боюнча жүзөгө ашырылат. Карталык эсепте Карталык операциянын суммасын тосмолоо KGS валютасында аткарылат.<br>2. Мурун аткарылган Карталык операция боюнча акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда операциянын валютасынан KGS валютасына конвертация авторизация күнү жабылган учурда актуалдуу болгон Төлөм системасынын курсу боюнча жүргүзүлөт. Сумманын акыркы кемитилиши/которулушу KGS валютасында жүзөгө ашырылат.<br>3. Карталык операцияны аткаруу учурунда жана Карталык операцияны аткаруу күнү жабылып жаткан учурда валюталардын курсу айырмаланып турса, акыркы кемитүүнүн/которуунун суммасы Карталык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | операцияны жүргүзүү учурунда Карталык эсепте тосмолонгон суммадан айырмаланышы мүмкүн. |
| Visa | KGS | USD | 1. Карталык операцияны жүргүзүүдө USD валютасынан KGS валютасына конвертация Карталык операция жүргүзүлүп жаткан учурда актуалдуу болгон Процессинг борборунун курсу боюнча жүргүзүлөт. Карталык эсепте Карталык операциянын суммасын тосмолоо KGS валютасында ишке ашырылат.<br>2. Мурун аткарылган Карталык операция боюнча акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда USD валютасынан KGS валютасына конвертация акыркы кемитүү/которуу учурунда актуалдуу болгон Процессинг борборунун курсу боюнча жүргүзүлөт. Сумманы акыркы кемитүү/которуу KGS валютасында ишке ашырылат.<br>3. Карталык операцияны аткаруу учурунда жана акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда Процессинг борборунун валюталар курсу айырмаланып турса, акыркы кемитүүнүн/которуунун суммасы Карталык операцияны жүргүзүү учурунда Карталык эсепте тосмолонгон суммадан айырмаланышы мүмкүн. |
| | | Башка валюталар | 1. Карталык операцияны жүргүзүүдө транзакциянын валютасынан USD валютасына конвертация Карталык операция жүргүзүлүп жаткан учурда актуалдуу болгон Төлөм системасынын курсу боюнча жүргүзүлөт. USD валютасынан KGS валютасына конвертация Карталык операцияны жүргүзүү учурунда актуалдуу болгон Процессинг борборунун курсу боюнча ишке ашырылат. Карталык эсепте Карталык операциянын суммасын тосмолоо KGS валютасында аткарылат.<br>2. Мурун аткарылган Карталык операция боюнча акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда USD валютасынан KGS валютасына конвертация акыркы кемитүү/которуу учурунда актуалдуу болгон Процессинг борборунун курсу боюнча жүргүзүлөт. Сумманы акыркы кемитүү/которуу KGS валютасында ишке ашырылат.<br>3. Карталык операцияны аткаруу учурунда жана акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда Процессинг борборунун валюталар курсу айырмаланып турса, акыркы кемитүүнүн/которуунун суммасы Карталык операцияны жүргүзүү учурунда Карталык эсепте тосмолонгон суммадан айырмаланышы мүмкүн. |
| | USD | KGS | 1. Карталык операцияны жүргүзүүдө KGS валютасынан USD валютасына конвертация Карталык операция жүргүзүлүп жаткан учурда актуалдуу болгон Процессинг борборунун курсу боюнча жүргүзүлөт. Карталык эсепте Карталык операциянын суммасын тосмолоо USD валютасында ишке ашырылат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 2. Мурун аткарылган Карталык операция боюнча акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда конвертация акыркы кемитүү/которуу учурунда актуалдуу болгон Процессинг борборунун курсу боюнча жүргүзүлөт. Сумманы акыркы кемитүү/которуу USD валютасында ишке ашырылат.<br>3. Карталык операцияны аткаруу учурунда жана акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда Процессинг борборунун валюталар курсу айырмаланып турса, акыркы кемитүүнүн/которуунун суммасы Карталык операцияны жүргүзүү учурунда Карталык эсепте тосмолонгон суммадан айырмаланышы мүмкүн. |
| | | Башка валюталар | 1. Карталык операцияны жүргүзүүдө транзакциянын валютасынан USD валютасына конвертация Карталык операция жүргүзүлүп жаткан учурда актуалдуу болгон Төлөм системасынын курсу боюнча жүргүзүлөт. Карталык эсепте Карталык операциянын суммасын тосмолоо USD валютасында аткарылат.<br>2. Мурун аткарылган Карталык операция боюнча акыркы кемитүү/которуу аткарылып жаткан учурда конвертация акыркы кемитүү/которуу учурунда актуалдуу болгон Төлөм системасынын курсу боюнча жүргүзүлөт. Акыркы кемитүү/которуу суммасы Карталык операцияны жүргүзүү учурунда Карталык эсепте тосмолонгон суммага барабар. |